5

**Жамалов Шүкүрали Абдыкаровичтин "Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүү "08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчи экономика илимдеринин доктору, профессор Джумабаев Калилдин**

**ПИКИРИ**

Рынок маалында тышкы соода экономикалык байланыштардын өсүшү, бажы контолун талаптагыдай уюштуруу жана колдоо мамлекетибиздин орчундуу маселелеринен болуп калды. Ошол эле учурда Республикада экспортко чыгаруучу товарлардын эл аралык талаптардын деңгээлинде даярдоо, эл аралык келишимдерди так жана өз убагында аткаруу, товар сатуучулардын жана товар алуучулардын менчиктик формасына карабастан мыйзам алдында жоопкерчилигин жогорулатуу заралчылыгын шарттады.

Бажы контолун уюштуруу-экономикалык механизмдерин жакшыртуу маселесин изилдегенде товар айлануудан чыгып жаткан, көйгөйлөр дүйнө жүзүндө жана Кыргыз Республикада колдонулуп жаткан мыйзамдардын талаптарын сактабагандыктын, мыйзамдарды ачыктан-ачык бузуулар, аткезчилик түрүндө өткөн-кеткен товарлардын ургалдуу орун алышы Мамлекеттик бажы кызматынын натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнүн төмөндөтөт.

Азыркы шартта бажы контолун уюштуруу-экономикалык механизмдерин өркүндөтүү товар айлануулардын агымын көбөйтүүгө, бажы кызмтынан түшкөн кирешелеринин көлөмүн жогорулатууга, мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн толуктоого жана экономикалык коопсуздукту камсыздоого багытталган.

Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы бажы контолун уюштуруу-экономикалык механизмдерин колдонууда ишти заманбап билимди

пайдалануу, инвестиция тартуу менен инфраструктураларын модернизациялоо, заманбаб жабдыктарды жана техникаларды алуу менен бирге, анын тышкы экономикалык соодадан түшкөн кирешелердин көлөмүн көбөйтүп, мамлекеттик бюджетти толуктоодо өтө зарылчылыгы болгондугу калкыбыздын социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга багытталгандыгы өтө актуалдуу болуп саналат.

Республикада колдонолуп жаткан мыйзамдык-нормативдик ченемдер, анын ичинен мамлекттик бажы кызматында контолун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн көйгөйлөрүн так илимий изилдөө жүргүзүлгөн эмес. Ата мекендик окумуштуулар тарабынан бул теманын кээ бир жактары толук чагылдырылбаган жана бажы контолун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүү боюнча атайын илимий изилдөө болгондуктан, бажы контролунун натыйжалуулугун келечекте көтөрүүнү илимий жана практикалык негиздөө зарылчылыгы келип чыгат.

Теоретикаык жактан негиздөө максатында бажы контолун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн натыйжалуулугун көтөрүү боюнча практикалык сунуштардын заралчлыгынан бул изилдөөнүн актуалдыгы келип чыкты.

Мындай шарттарда рыноктук экономикасы бар мамлекеттердин өнүгүү тажрыйбасын эске алуу менен топтолгон теориялык жана методологиялык ыкмаларды комплекстүү изилдөө, коюлган маселени чечүү өзгөчө актуалдуулукка ээ болот.

Диссертациянын “Бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизимдерин өркүндөтүүнүн теориялык-методикалык негиздери” атындагы биринчи бабында азыркы рыноктук шарттарда бажы көзөмөлүн колдонуудагы жаңыны, алдыңкы тажрыйбаларды чогултуу жана анын өзгөчөлүктөрү каралды, көйгөйлөрү жана өзгөчөлүктөрү изилденди, бажы конролунун калыптанышынын теоретикалык, методикалык аспектери дүйнөлүк тажрыба каралды. Рынок экономикасына чейинки доордон баштап азыркы тышкы соода экономикалык карым-катнаштардын көбөйүшү,

экономикалык илим тышкы соода керектүү объект жана мамлекеттик бюждетти толтурууда, улуттук экономиканын натыйжалуулугун артырууда эң негизги булактарынын бири экендигин көрсөтүлгөн.

Диссертациянын "Бажы көзөмөлүнүн шартында тышкы сооданын өнүгүүсү " деген экинчи бабында Кыргыз Республикасынын тышкы сооданын азыркы абалы жана анын өнүгүүсүнө бажы көзөмөлүнүн тийгизген таасирин деңгээли талданат. Азыркы бажы конторлун жүргүзүү шартындагы товарлардын айланынын эффективдүүлүгүн артыруу, ааламдашуу шартында бажы-тарифтик жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жана аларды контролдоочу, санариптештирүү, баалоочу механиздердин, шаймандардын, көрсөткүчтөрдүн жаңыны колдонуудагы алдыңкы тажрыйбаларды чогултуу жана анын мүчөлөрү менен бөлүшүү технологиялар өзгөчөлүктөрү каралды, республиканын бажы тармагын тийиштүү жеринин абалы комплекстүү анализденген.

Диссертациянын "Мамлекеттик бажы контролуну уюштуруу-экономикалык механимдерин өркүндөтүүнүн келечеги" деген үчүнчү бабында мамлекеттик бажы контролуну уюштуруу-экономикалык механимдерин өркүндөтүүнүн негизги багыттары, айрым өзгөчөлүктөрү, жакшыртууда мамлекеттик адиской кадрларды даярдоо, бинес чөйрөсүндө иштегендерди окутуу, колдоонун жолдору, өркүндөтүүдө - укуктук негиздерин өркүндүтүү, ведомстволор аралык "Жашыл дарбаза Борбору" түзүүнү багыттарын аныктоо, коорупциялык схемаларды демантаждоо, бажы кызматнын салык төлөмөрүнүн киреше бөлүгүн математикалык моделдөө ыкмасы менен келечектеги салыктык кирешелердин божомолун эсептөө менен бажы контолун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн иштиктүү мамлекеттик программаларын сунуштоо көрсөтүлгөн.

Бул диссертациялык иш өзүнүн мазмуну жана алынган натыйжалары боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулар даражасын ыйгаруу эрежелеринин" талаптарына толук жооп берет. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бажы кызматынын бажы

контолун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүдө багыттарын жана ыкмаларын өркүндөтүүнүн теориялык негиздерин жана методологиялык аспектилерин изилдеп, автор төмөнкүдөй жыйынтыктарды алды жана түздү:

Натыйжа 1 - тышкы соода экономикалык байланыштарды жана бажы контролун жөнгө салуунун илимий теориялык-методикалык аспектилерин жана укуктук жоболору, бажы тармагынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, жалпыланды;

Натыйжа 2 - Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2014-жылдын 17-июлу № 139 Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө белгиленген "мамлекеттик кызмат көрсөтүү"- категориясы төмөндөгүдөй толукталды "мамлекеттик кызмат көрсөтүү" өзгөчө товардын бир түрү болбогондуктан буюм катары эсетелбейт, бирок ошол эле учурда капиталдардык пайдаларды же социалдык эффектини алып келе турган мамлекеттин мыйзамдуу кызыкчылыктарын канааттандырууга, же болбосо жарандык-укуктук мамилелердин натыйжасында пайда болуучу милдеттерди аткарууга багытталган мамлекеттик мекемелердин ишинин натыйжасы болгон өзгөчөлөнгөн категория саналат;

Натыйжа 3 - коррупциялык схемаларды, аткезчиликти жоюу жана алардын пайда болушуна бөгөт коюу, жана анын кесепеттерине каршы күрөшүүдө мамлекеттин ролун жогорулатуу үчүн Бажы кызматында коррупция схемасын жоюу максатында ведомстволор аралык "Жашыл дарбаза Борбору" схемасы бул изилдөө ишимде баса көрсөтүлдү;

Натыйжа 4 - Мамлекеттик бажы кызматын өнүктүрүүнүн экономикалык багытары боюнча комплекстүү багыттарды камтыган "2025–2035 жылга чейинки Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын өркүндөтүү Улуттук программа" иштелип чыкты;

Натыйжа 5 - мамлекетик бажы кызматынын интелектуалдык деңгээлин жогорулатуу жана адикой адистерди даярдоо үчүн «Кыргыз Мамлекеттик Бажы академиясы» түзүүнү сунушталды;

Натыйжа 6 - Кыргыз Республикасында бажы кызматнын салык төлөмөрүнүн киреше бөлүгүн математикалык моделдөө ыкмасы менен келечектеги салыктык кирешелердин 2035 жылга чейинки өсүү мүмкүнчүлүгүн көрсөтүлдү жана божомолунун зарылчылыгы аныкталып, математикалык моделдөө ыкмасы менен эсептелип чыкты.

Диссертациялык изилдөөдө алынган натыйжалар негиздүү, ишенимдүү жана тастыкталган. Алардын арасында төмөнкүлөр бар:

- эмгектердин теориялык жана практикалык жоболорун иштеп чыгуу үчүн автор тарабынан пайдалануу: экономикалык теориянын классиктери; дүйнөлүк илимдин өкүлдөрүнүн, ата мекендик жана чет өлкөлүк экономисттердин социалдык экономикалык өнүгүүнүн теориясы жана практикасы жаатындагы фундаменталдык эмгектери, илимий-изилдөө предметине тиешелүү ченемдик укуктук актылар, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин токтомдору;

- изилденүүчү маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, Кыргыз Республикасынын Экономика жана соода министрлигинин материалдарын жана документтерин жана башка ченемдик жана расмий маалыматтарды изилдөө үчүн маалыматтык база катары пайдаланууга. Диссертациянын айрым жоболору эл аралык жана республикалык илимий-методикалык жана практикалык конференциялардагы баяндамаларда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы, анын ичинде РИНЦ, Scopus тарабынан сунуш кылынган басмаканаларда жарыяланган илимий макалаларда чагылдырылган.

Диссертациялык иште алынган негизги жыйынтыктар шексиз илимий жаңылыкка ээ.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө алынган эң маанилүү илимий натыйжалар жана алардын жаңылыктары төмөнкүлөр:

- Мамлекеттик бажы кызматынын бажы контолун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүдө анын ролун ачуучу теоретикалык жана укуктук жоболор, бажы тармагынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, жалпыланды мамлекеттик органдар менен бажы кызматынын өз ара байланыштарын жөнгө салуу боюнча негизги багыттары негизделди;

- Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2014-жылдын 17-июлу № 139 Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө белгиленген "мамлекеттик кызмат көрсөтүү"- категориясы төмөндөгүдөй толукталды "мамлекеттик кызмат көрсөтүү" өзгөчө товардын бир түрү болбогондуктан буюм катары эсетелбейт, бирок ошол эле учурда капиталдардык пайдаларды же социалдык эффектини алып келе турган мамлекеттин мыйзамдуу кызыкчылыктарын канааттандырууга, же болбосо жарандык-укуктук мамилелердин натыйжасында пайда болуучу милдеттерди аткарууга багытталган мамлекеттик мекемелердин ишинин натыйжасы болгон өзгөчөлөнгөн категория саналат;

- Коррупциялык схемаларды, аткезчиликти жоюу жана алардын пайда болушуна бөгөт коюу, жана анын кесепеттерине каршы күрөшүүдө мамлекеттин ролун жогорулатуу үчүн Бажы кызматында коррупция схемасын жоюу максатында ведомстволор аралык "Жашыл дарбаза Борбору" схемасы бул изилдөө ишимде баса көрсөтүлдү;

- Мамлекеттик бажы кызматын өнүктүрүүнүн экономикалык багытары боюнча комплекстүү иш-чараларды камтыган "2025–2035 жылга чейинки Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын өркүндөтүү Улуттук программа" иштелип чыкты;

- Мамлекетик бажы кызматынын интелектуалдык деңгээлин жогорулатуу жана адикой адистерди даярдоо үчүн «Кыргыз Мамлекеттик Бажы академиясы» түзүүнү сунушталды;

- Кыргыз Республикасында бажы кызматнын салык төлөмөрүнүн киреше бөлүгүн математикалык моделдөө ыкмасы менен келечектеги салыктык кирешелердин 2035 жылга чейинки өсүү мүмкүнчүлүгүн көрсөтүлдү жана божомолунун зарылчылыгы аныкталып, математикалык моделдөө ыкмасы менен эсептелип чыкты.

Диссертацияда алынган теориялык жана практикалык натыйжалар ички биримдик менен мүнөздөлөт жана логикалык ырааттуулугу менен айырмаланат, бул алардын баалуулугун жана артыкчылыгын жогорулатат. Диссертациялык иш логикалык толуктугу менен методологиялык жана теориялык багытка жана практикалык мааниге ээ. Жалпысынан алганда, диссертациялык иштин структурасы материалды ырааттуу түрдө толук көрсөтүүгө мүмкүндүк берди, мында алынган натыйжалар экономиканын бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүгө керек болгон актуалдуу проблеманы чечүүгө багытталган.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери ырааттуу түрдө аныкталган жана бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүдө мамлекеттик колдоо көрсөтүүнүн багыттары жана ыкмаларын өркүндөтүү үчүн негиз боло алат. Мамлекеттик бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүү проблемасына теориялык, методологиялык жана практикалык мамиленин биримдигинин стилинде жазылган. Диссертацияда автор тарабынан иштелип чыккан жана негизделген илимий-теориялык жоболор бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүдө багыттарын жана ыкмаларын калыптандыруунун теориясын жана методологиясын иштеп чыгат.

Диссертацияда бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүдө мамлекеттин ролун күчөтүү зарылдыгынын теориялык жана методологиялык негиздери ачылган.

Жоболорду жана корутундуларды мамлекеттик бажы кызматын натыйжалуулугун жогорулатуудага маселелерин андан ары иштеп чыгуу учун пайдаланууга болот.

Алынган натыйжалардын практикалык жана экономикалык мааниси Кыргыз Республикасында Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн багыттарынын жана ыкмаларын негизинде иштелип чыккан сунуштар натыйжалуулугун жогорулатууга жана көйгөйлөрдү чечүүгө көмөктөшөт.

Диссертациялык изилдөөнүн корутундулары жана сунуштары экономиканын Мамлекеттик бажы кызматын өнүктүрүү боюнча мыйзам актыларын иштеп чыгууда жана өлкөнүн экономикалык саясатын аныктоодо пайдаланылышы мүмкүн.

Диссертациялык иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары эл аралык илимий-практикалык конференцияларда: Беларусь мамлекетинде XV Эл аралык илимий практикалык конференцияда Конкурентоспособность и эффективность АПК в контексте оптимизации материально-технического и финансового обеспечения Минск, 13-14 октябрь 2022 ж. Кыргыз Республикасында бажы контролунун уюштуруу- экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн негизги багыттары. С.Мамбеткалиевдин 85 жылдыгына арналган Кыргыз Республикасындагы билим берүү кызматынын маселелери илимий-практикалык конференция. Известия Чуйского университета им. С. Мамбеткалиева №9 - Б.2022.

Корутунду жана пратикалык сунуштар Республикасынын Экономика жана соода министрилигинде “Кыргыз Республикасынын 2026 жылга чейинки Улуттук өнүктүрүү программасы (2021ж. 12 октябры УП №435)”, иштеп чыгуу процессинде пайдаланылды.

Автореферат диссертациянын негизги жоболорун баяндайт, Кыргыз Республикасында Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн багыттарын жана ыкмаларын жалпылоодо эң актуалдуу маселелерин карайт, бүтүндөй изилдөө боюнча корутундуларды берет жана корутундуларды чыгарат. Автореферат диссертациялык иштин мазмунуна толук ылайык келет.

Жамалов Шүкүрали Абдыкаровичтин “Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүү ”08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши - бул автордун илимий-теориялык жогорку деңгээлде жазылган жана кеңири практикалык материалдарды колдонуу менен аяктаган өз алдынча экономика илимине кошкон жеке изилдөө салымы болуп саналат.

Диссертация Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүү формаларын жана ыкмаларын өркүндөтүү проблемасына жаңыча мамиле кылуу, каралып жаткан жоболорго алардын Кыргыз Республикасынын шарттарына практикалык колдонуу позициясынан сын баа берүү менен айырмаланат жана экономиканы туруктуу өнүктүрүүгө мамлекеттик бажы кызматынын көмөктөшүүчү ролун көптөгөн илимий-теориялык жана илимий-практикалык жоболордун негизинде жаңылыгын ырастайт.

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана анын автору Жамалов Шүкүрали Абдыкаровичке 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Илимий жетекчи**
**экономика илимдеринин доктору,**
**профессор** **Джумабаев К.**